## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 371:371. 1-1**

***Текин Йылдыз*** *- БГУ*

# *Туркиянын мектептеринде тарыхый жерлер жана музейлер окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбалары.*

Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо иши гуманитардык сабактардын потенциялы, мектептин иш планында белгиленген программалык иш чаралар менен гана чектелбейт. Ал баланын өзү жашаган аймактын рухий жана материалдык дөөлөттөрүн өздөштүрүү процесси менен эриш аркак биримдикте ишке ашат. Бул жагдай "социалдык-маданий чөйрө" түшүнүгүн тарыхый аң сезимди мекенчилдикти калыптоо контекстинде аңдоо зарылдыгын жаратат. Социалдык-маданий чөйрөнүн педагогикалык таалим-тарбиянын мазмунун аныктоочу ролуна орус педагогикасында да олуттуу маани берилгендигин көрүүгө болот. Алсак, К.Д. Ушинский "Адамдар өзү жашаган чөйрөнүн таасири астында өсүшөт жана тарбияланышат, демек, алардын жан дүйнөсүнүн калыптанышындай эле ошол чөйрөнүн таасири чечүүчү мааниге ээ" – деп тастыктаган. [5, с. 122] Ал эми, Н.К.Крупская "Мугалим жергиликтүү шарттын өзгөчөлүктөрүн жалпы коомдук талаптар менен байланышта карабай туруп, өзү жашаган чөйрөгө эмнелер зарыл экендигин билбей туруп, окуу программасы менен гана чектелип иштөөсү мүмкүн эмес" – экендигин белгилеген. [2, с. 13]

Социалдык-маданий чөйрөнүн ар бир ымыркайга, өспүрүмгө, жаш муунга, орто жаш курактагы жана улгайган адамдарга маданий-тарыхый педагогикалык тажрыйбалар, улуттук баалуулуктар, элдик каада-салттар, жаратылыш, экология, архитектура жана маданий эстеликтер аркылуу таасир этүүсү педагогиканын тарыхый тажрыйбаларында белгилүү болгондой, баалуу педагогикалык процесстин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Жаш муундарды мекенчилдикке социалдык-маданий чөйрөнүн конкреттүү обьекттеринин катарына тарыхый жерлер жана музейлерди кошууга болот. Ырасында эле бул сыяктуу мектептерден тышкаркы жерлер өзгөчө альтернативдүү билим берүү жана тарбиялоочу күч-дараметке ээ.

Туркия көптөгөн цивилизациялардын кесилишкен жери. Ошондуктан Туркиянын мамлекетинин аймагы байыркы тарыхтын жана цивилизациялардын жандуу күбөсү. Алардын айрымдарына гана токтоло кетели. Байыркы цивилизациялардын ошондой эле Түрк мамлекетинин мамлекет катары калыптанышындагы патриоттук демилгелүү иш аракеттердин жандуу деми Стамбул шаарында даана байкалат. Алардын бири Босфордун жээгинде жайгашкан Анатолия крепосту (Анадолухисар) (тур. Anadolu Hisarı). Бул жай Түрк императору Султан Мехмед Фатихтин Түрк империясынын мейкиндигин күч кубатын чыңдоодогу көрөгөч саясатын күбөлөндүргөн тарыхый эстеликтер арбын. Стамбул аскердик музеи (Аскери Muze) түрк согуштарынын миң жылдык тарыхын чагылдырат. Мында Түрк жоокерлеринин эрдиктерин согуштук куралдарын күбөлөндүргөн 50 000 обңект бар. Окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодо айрыкча Чаннакале аймагындагы тарыхый эстеликтер өзгөчө мааниге ээ. Бул жерде байыркы Трояндыктардан баштап Республиканын эркиндиги үчүн күрөштү эске салат. Атактуу Гомердин “Иллиада” поэмасында даңазаланган Гектор менен Аххилестин жеке инсандык ар намыс, эл жер эркиндиги үчүн күрөшү да ушул жерде болуп өткөндүгү божомолдонот. Учурда 1451 жылы султан Мехмет тарабынан курулган чептин ичинде 1915 –жылдагы Биринчи дүйнөлүк согуштун жарым миллион солдаттын өмүрүн алып кеткен жалпыга маалым окуяларына арналган Согуштук музей жайгашкан. Бул жердеги согуштун каармандарына арналган Гелиболу мемориалдык паркы учурда бир кездеги бири бирине каршы согушкан солдаттардын тукумун бириктирүүчү ынтымакка чакыруучу таасирдүү жайга айланган. Анткени, ата-бабаларынын бейитине таазим этүү үчүн келген азыркы англичандар, француздар түрк жарандары менен бирдикте апаат согуштун кайра болтурбоо жөнүндө ой толгошот, пикир алышат. Тарыхый жерлер ушундай сабагы менен баалуу.

Музей бардык учурда жана бардык билим берүү мейкиндигинде эң тарыхый аң сезимди патриоттук сезимдерди өнүктүрүүчү таалим-тарбия жана маданий борбор катары каралып келген. Музей жана тарыхый жерлер аркылуу тарбиялоо бир катар артыкчылыктарга ээ.

Окуучунун музей шартында тарыхтын жандуу предметтери менен таанышышы аны толкундантат; М.А.Бергдин пикири боюнча «тарыхый аң сезим адамдардын байыркысы менен азыркысынын ортосуна орнотулган көпүрө». Тарыхый жерлер жана музейлер окуучунун сабакта алган билимдерин жаңы маалыматттар, фактылар менен байытат, толуктайт. Гарпер: «Көрүү – демек ишенүү», - дейт. Окуучулар тарыхый жерлерде жана музейлерде абстракттуу тарыхты конкретүү, жандуу үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Тарыхый жерлерге саякатка баруу окуучулардын өздөрүн тарыхый окуялар менен жакындан аралашып жүргөндой таасир калтырат. Анткени, мындай шартта тарыхый окуя өткөн жерлерде окуучу болгон окуялар менен ой жүзүндө аралашып, айрым учурда өзүн каармандардын катарына коюп ой толгоого батат, алар менен сыймыктануу, аларды ызаттоо-сыйлоо сезими оожалат. Ошентип, мектептен тышкаркы тарыхый жерлерде өтүлгөн сабактар окуучулардын маселеге карата эмоционалдык – дөөлөттүк, рухий патриоттук сезим туйгуларынын өнүгүшүнө өбөлгө болот. Тарыхый жерлердеги жана музейлердеги буюмдар алардын кызыгуу сезимин жогорулатат, чыгармачыл ойломун өстүрөт, мурда уккан билгендерине, окугандарына сынчыл мамилесин арттырат. Эң башкысы окуучулар тарыхый маалыматтарды музейдик экспонанттын тили менен кабылдоо, ал каражаттар аркылуу байыркы доорлордун маданий салттары, ата-бабаларынын арман касырети, аруу тилектери менен диалог куруу тажрыйбасына ээ болот.

Ошондуктан Түркиянын мектептеринде жаш муундарды тарыхый эстутумунун бекемдигине, мекенчилдикке тарбиялоодо музейлердин, тарыхый жерлердин педагогикалык потенциалын мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонууга аракет жасап келишет. Музейлер аркылуу тарбиялоо башка максаттар менен бирдикте окуучуларда башка элдердин маданиятына ызаат менен мамиле кылуу сезимин да өнүктүрөт. Б.а балдар өз жергесиндеги башка улуттурдын, элдердин байыркы маданиятынын эстеликтери менен таанышуу процессинде алардын окшоштук жана айырмачылыктарын түшүнүү, аларды толеранттуу көз караш менен таанууга үйрөнүшөт. Буга Түрк менталитетиндеги маркумдар мейли душмандын өкүлү болсо да, анын эстелигине сый ызаат мамиле кылуу керектиги жөнүндөгү баалуулуктары түрткү берет. Муну чет элдиктер да баса белгилеп келишет. Алсак, Англядагы эң кадырлуу «Инпедент» гезитинин бетинде анын кабарчысы Роберт Фиск «Гелиболунун арбактарынан алынуучу сабак» аттуу макаласында Ататүрктүн Гелиболу майданында көз жумган чет элдик аскерлер жөнүндө мээримдүү сөздөрүн өтө суктануу менен эскерет. Ататүрк Чанаккаледе көз жумган чоочун аскерлерине «Азыр дос өлкөнүн жеринде жатасыңар. Жаткан жериңер жайлуу болсун. Биз үчүн «Мехметтер» менен «Джонилердин» арасында айырыма жок. Уулдарын узак өлкөлөрдөн бул жерге жиберген энелер, силер да жашыңарды аарчыгыла. Жандарын бул өлкөдө берип, алар эми биздин уулдарыбыз болуп калды» -деп айткан.

Түркиядагы «Таалим жана тарбия комитетинин» музейлер жөнүндөгү планында бул багыттагы иш аракеттерди кандайча уюштуруунун жол жоболору ачык-айкын белгиленген. «Таалим жана тарбия комитетибиздин» жетекчилиги өзгөчө тарых, искусство тарыхы, география, социалдык маалыматтар, сүрөт искусствосу ж.у.с. тармактарга тиешелүү окуу программалардын жана окуу китептердин мазмунун музейлерге болгон кызыгууну арттыра турган көргөзмө элементтерге, тарыхый мааниси бар маалымат жана документтердин негизинде өркүндөтүүгө олуттуу көңүл бөлүп келүүдө.

Алгач жакын аралыкта жайгашкан окуу жайлардын музейлердин мүмкүнчүлүгүнөн толук пайдаланышына багытталган иш-аракеттер жасалат. Ал эми музейлерден алыс жайгашкан окуу жайлардын жок дегенде жылына бир жолу саякаттап келип окуучуларынын бул мүмкүнчүлүктөрдөн четте калтырбашы милдеттендирилет. Музейлерди түздөн-түз пайдалана албаган окуу жайлар үчүн музейлердеги тарыхый жана буюмдардын жана көркөм жасалга буюмдарынын электрондук формадагы көчүрмөсүн даярдоо колго алынган. Б.а. интернет же бул максатта даярдалган CD жана слайддар аркылуу музейлер тууралуу маалыматтарды үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн алышат.

Интернет баш болгон ар түрдүү байланыш каражаттары аркылуу башка өлкөлөрдөгү маанилүү музейлер менен да байланышып, ал жерлердеги тарыхый бюмдарды, маалымат, документ жана чыгармаларды да слайд, прожектор, CD, кинофильм ж.у.с. аркылуу окуучуларыбызга таанытуу пландаштырылат.

Музей жумалыгында окуу жайларда музейлерге саякатка баруудан сырткары ыр, сүрөт жана дилбаян конкурстары уюштурулат. Окуу жайларда музейлердеги тарыхый буюмдардын миниатюралары же болбосо копияларынын көргөзмөлөрү уюштурулуп, окуучулардын музейлерге болгон кызыгууларын арттырууну камсыздайт. («Таалим жана тарбия комитетинин» 2006-жылдын 15-сентябрындагы №366 чечими)

Чет мамлекеттерде, өзгөчө АКШда пайда болгон TWHP концепциясынын (Тарыхый жерлер аркылуу окутуу) негизги жоболору жана усулдары Туркиянын таалим –тарбия системасында да көп жылдан бери жетекчиликке алынып келет. Ага ылайык тарыхый жерлердин таалим-тарбия потенциялын толук пайдалануу төмөнкүдөй тартипте ишке ашат:

***Жерди тандоо***. Биринчи иретте тарбиялык таасири терең тарыхый жер белгиленет. Жердин тарыхынын үйрөнүлүп жаткан окуу материалдарына шайкештиги изилденет.

Тандалган жерге тиешелүү тарыхый изилдөө жасалгандан кийин окуучулар колдоно ала турган материалдарды даярдашат. Мындай иште тарыхый карталарды, фотосүрөттөрдү, биографияларды, ж.у.с. колдонуга болот.

*Токтоло турган негизги теманын тандылышы.* Тарыхый жерде же музейде өткөрүлгөн окуу-тарбия иш чарасы кандай обьекттин, кандай теманын тегерегинде болоору такталат. М. Тарыхый эскерүүлөрдүн негизинде “Маркумдар осуяты” –деген темада сабак өткөрүүгө болот.

*Саякаттын пландалышы.* Качан эмне жасалышы керектиги белгиленет. Белгиленген тарыхый жерге качан, кандайча, канча окуучу менен баруу керек деген сыяктуу даярдыктар алдын-ала пландаштырылат.

*Окуучуларга эрежелер жазылган кагаздардын даярдалышы.* Окуучулардын көргөндөрүнө кунт коюу менен анализ жасашы үчүн кээде инструктажга муктаж болушат. Ошондуктан мындай көрсөтмөлөр алдын-ала даярдалышы абдан маанилүү.

*Окуучулардын тарыхый жерге баа берүүсү.* Окуучулар жерлер тууралуу өз суроолорун сурап, андан кийин өз жоопторун табуусу керек. Мунун максаты өз тарыхый билимдерин бекемдөө болуп саналат.

*Окуу жайда улантылган дискуссия.* Окуу жайда окуучулар үйрөнгөндөрүн ар кандай формага салып, бири-бири менен бөлүшө ала турган иш-аракеттер жасалат. Бул иш чара талкуу, конференция формасында да өткөрүлөт.

Кыскасы, тарыхый жерлер өткөн замандардын реалдуу күбөсү. Мындагы максат окуучуларда кызыгууну жаратуу, окуучулардын тегерегиндеги нерселерге, түзүлүштөргө көбүрөөк көңүл буруусуна жана мекендин баркын билген, түшүнгөн муундун өсүп-жетилүүсүнө шарт түзүү болуп саналат. Өзгөчө тарыхый окуя тууралуу гипотеза жаратууларына, далилдерди топтоосуна, топтогон далилдерине баа берүүлөрүнө шарт түзүлөт. Класстан тышкаркы дүйнө, өзгөчө музейлер, тарыхый жерлер мекенди сүйүүгө үйрөтүүнүн лабораториясынын кызматын аткарат.

Жыйынтыктап айтканда, тарыхый аң-сезимди жаратуу, өз маданиятынын дүйнөлүк маданияттын арасындагы ордун бардык өлчөмүндө толугу менен жана туура кабыл алынышын камсыздоо, мекен жана улут аң-сезимин жаратуу жана бул ой-пикирди орнотуу жагынан алып караганда музейлер жана тарыхый жерлер абдан маанилүү болуп саналат.

***Адабияттар***

1. *Акулин, Е.М.* Музей как социокультурное явление. / Е.М. Акулин.-Социос. – 2004, № 10. С.89
2. *Крупская Н.К.* Педагогические сочинения. – М., – Т. 5. – 146 с.
3. *Кудрина, Т.А.* Музей и школа / Т.А. Кудрина. - М.: «Просвеүение» 1985, 125с.
4. Ташпынар М. Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. Б., 2004 -234 б.
5. *Ушинский К. Д.* О народности в обүественном воспитании // Собр. Соч., Т.2. – М., Л.: Изд-во АПН РСФСР. – С. 122-123.